# КӨРКӨМ ПСИХОЛОГИЗМ МАСЕЛЕСИНИН КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНДА ЖАНА КЫРГЫЗ ПОВЕСТТЕРИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Нургуль СУЛЕЙМАНОВА**
Кенже илимий кызматкер
Кыргыз-Түрк «Манас» университети,
Гуманитардык факультет, Социология бөлүмү
*nur_skg@yahoo.com*

**Аннотация**

Кыргыз адабиятында көркөм психологизм маселелеси тереңдетилип изилденбеген темалардын бири. Бул маселе кыргыз фольклорундагы жана кыргыз адабиятындагы чыгармаларда кеңири кездешет. Макалада фольклордук чыгармаларда жана кыргыз адабиятында жарык көргөн көркөм чыгармаларда көркөм психологизм маселесинин чагылдырылышы, көркөм психологизмдин иштелиши тууралуу маалыматтар берилет. Фольклордук чыгармаларга жана көркөм чыгармаларга анализ жүргүзүлөт, мисалдар менен бышыкталат. Жалпы жонунан, кыргыз адабиятындагы чыгармаларда көркөм психологизм проблемасы каралат. Негизинен Ч. Айтматовдун чыгармаларына басым жасалат.

**Ачкыч сөздөр:** кыргыз фольклору, кыргыз адабияты, көркөм психологизм, чыгарма.

## SANAT PSİKOLOJİSİ MESELELERİNİN KIRGIZ FOLKLORU VE UZUN HİKAYELERİNDEKİ YANSIMALARI

**Öz**

Kırgız edebiyatında, sanat psikolojisi derin olarak araştırılmayan konulardan biridir. Buna rağmen bu mesele Kırgız folklorunda ve Kırgız edebiyatında geniş olarak yer almaktadır. Söz konusu makalede, Kırgız folkloru ve uzun hikâyelerine yansıyan sanat psikolojisi problemleri ve sanat psikolojisinin gelişimi hakkında bilgi verilmektedir. Bu yönüyle kaleme alınmış eserler hakkında tahliller yapılarak konu örneklerle izah edilmektedir. Kırgız Edebiyatı’nda mevcut sanat psikolojisi sorunları üzerinde durulmaktadır.

**Anahtar kelimeler:** Kırgız Folkloru, Kırgız Edebiyatı, Sanat Psikolojisi, Eser.

## REFLECTION OF ART PSYCHOLOGY PROBLEMS IN THE KYRGYZ FOLKLORE AND KYRGYZ NOVELS

**Abstract**

The issue of the art psychology in the Kyrgyz literature has not been sufficiently studied before; it is considered to be a widely spread phenomenon in the Kyrgyz folklore and Kyrgyz literature as well. The paper is devoted to the reflection of art psychology problems in the Kyrgyz folklore and Kyrgyz novels as well as the application of art psychology in the Kyrgyz literature. The paper also deals with the analysis of creative works based on the examples. In general, the paper explores art psychology issues in the Kyrgyz literature, mostly based on Chyngyz Aitmatov’s works.

**Keywords:** Kyrgyz folklore, Kyrgyz literature, art psychology, composition.

**Киришүү**

Кыргыз повесттериндеги көркөм психологизм маселесине киришүүдөн мурда кыргыз адабиятындагы психологизм маселесинен азыноолак маалымат берүү максатка ылайык.

Профессионал кыргыз адабиятындагы психологизмдин башаты бай улуттук оозеки чыгармачылыкта жатат.

Ар бир доордун тарыхын, адат-салтын, психологиясын, турмушка карата кырдуу көз караштарын өз боюна сиңирип, айтуучулардын акыл күчү, таланты менен толукталып турган көп варианттуу жана синкреттүү фольклордук чыгармалар карапайым элдин чыныгы жан дүйнөсү болгон. Канчалаган мезгилдин өкүмүн көтөргөн ар кандай жанрдагы фольклордук чыгармалардагы көркөм психологизм маселеси колго алынбагандыгы белгилүү. Айрым гана окумуштуулар бир абзац түрүндө же чакан макала түрүндө жазып коюп жүрүшөт. Ал эми профессионал кыргыз адабиятында аздыр-көптүр болсо да мезгилдин талабына жараша психологизм маселеси изилденип жатат. Бул жерде менин айтайын деген оюм, көркөм чыгармалардагы психологизм маселеси профессионал адабият жазыла баштаганда эле ортого чыга калган жок. Көркөм психологизм маселеси адам баласы бир нерсени ойлоп чыгара баштаганда эле пайда болгон болуш керек. Ал эми элдик оозеки чыгармалар психологизмдин өзүнчө бир этабы десек туура болчудай. Себеби дегенде, оозеки чыгармалар аноним чыгармалар болгондуктан, анда бир гана кишинин эмес, бүтүн бир адам коомунун, бир гана доордун же мезгилдин эмес, нечендеген доорлордун салты, тарыхы жана ошол салт менен тарыхка түздөн-түз байланышкан элдин психологиясы камтылып жатат.

**Көркөм психологизм маселеси кыргыз фольклордук чыгармаларда берилиши**

Фольклордук чыгармалардагы психологизм маселеси тууралуу адабиятчы Качкынбай Артыкбаев: «Фольклордо деле каармандын татаал, көп учурда карама-каршылыктуу «дүйнөсү» сүрөттөлөт, анын натыйжасында өтө психологиялык чыңалууну талап кылган кырдаалдар көрсөтүлөт... Окуяларга, чындыкка карата реалисттик мамиле жана ээ-жаа бербеген элдик фантазия фольклордо туюнтулган...» деген жүйөөлүү пикирин айткан. Демек, кыргыз оозеки чыгармалардын дээрлик баарысынан курч драматизмди, терең философияны, подтекст түрүндө берилген илбериңки психологияны көрүүгө болот. Жогоруда айтылган сөздөр далилдүү болсун үчүн фольклордук чыгармалардагы эпикалык жанрга кыскача токтололу.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу болгон «Манас» эпосунда баяндалган окуялар жана каармандар маселен, элдик психологиянын үлгүлөрү жөнүндө түшүнүк бере алат. Окуялардагы каармандардын жүрүш-турушунан акылмандуулук, кол башчылык, жол башчылык, үй-бүлө мамилелери сыяктуу бир топ маселелерден кабар ала алабыз. Эпосто конкреттүү турмуштук көрүнүштөр адамдардын жүрүм-туруму менен байланыштуу баяндалат. Намыстуулук, айкөлдүк, туруктуулук, айтканынан кайтпоо, берилгендик, кайраттуулук, боорукердик, акылман карыяларды урматтоо эпосто идеал катары көрсөтүлөт.

Ошондуктан «Манас» эпосу – көптөгөн түрдүү кейипкерлердин психологиясын, адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерди кеңири баяндап берген улуу булак. «Исландиялыктардын сагасы, байыркы гректердин эпикалык баяндары сыяктуу эле «Манас» эпосу да инсандардын психологиясынын кандайча калыптангандыгын көргөзүүчү маалымат, даректердин булагы болуп эсептелет» (Манас энциклопедиясы, 1995: 159) деп окумуштуу Д. Брудный белгилесе, адабиятчы С. Жумадылов: «Каармандын ички дүйнөсүн ачуу, турмуштук ар кандай кырдаалдардагы ал-абалын, ой-толгоолорун сүрөттөөгө, кыскасы, мүнөздү психологиялык жактан анализдөө принциби кыргыз элинин оозеки адабиятында эчак эле орун алып, салт болуп калган. Элибиздин ар кайсы мезгилдерде түзүлгөн жана оздон-оозго көчүп олтуруп, биздин күнгө жеткен «Манас», «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Курманбек» сыяктуу улуу жана кенже эпосторунда каармандардын турмуштук жагдайларга байланышкан ички сезимдери зор чеберчиликтин күчү менен элестүү сүрөттөлүп, психологиялык драматизмге өтөт. «Манас» эпосундагы «Чубак менен Алманбеттин чатагы», «Букарага бараткан жолдо», «Тайторуну байгеге кошуу» ж.б. көптөгөн эпизоддордогу Манастын, Алманбет менен Чубактын, Чыйырды менен Каныкейдин ички санаркоолору, ой-сезимдери элдик оозеки чыгармалардагы каармандардын мүнөздөрүн психологиялык планда ачуунун эң сонун үлгүсү боло алат. Аталган жана башка эпизоддордо кейипкерлердин ички дүйнөсүн, алардын ой-толгоолору, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу, ошондой эле айтуучунун тигил же бул көрүнүштү, каармандардын иш-аракеттерин, кылык-жоруктарын сүрөттөөсү аркылуу ж.б. көркөм ыктар менен ачылат. Демек, каармандарды психологиялык жактан анализдөө принциби элдик оозеки чыгармаларда мурда эле болгон» (Жумадылов, 1974: 59-60) дейт. Жогоруда айтылган ойлорду далилдөө үчүн «Манас» эпосунан мисал келтирели:

«Эркелеткең балаң жок,
Эрмек болор адам жок,
Же сүйөрүңө балаң жок,
Же сүйөнүшөр адам жок.
Ушундайды эстесем
Сүлдөрүм бар, дарман жок,
Сүйсөм бала арман жок!
Баштатадан тек жүрдүм,
Бала болор деп жүрдүм,
Байкабастан көп жүрдүм.
Кутмандуудан бата алдым,
Куруп калсын дүнүйө,
Куу баш Жакып атандым.
Карды Жакып куу баш деп,
Калтын баары сени айтат
Катыны жүрөт туубас деп.
Санап туруп дүнүйө
Заманам бүгүн айланды,
Баштагы сенин жолуң кууп
Бакдөөлөт жолу байланды.
Эки катын алганым,
Эч туяк көрбөй калганым,
Эсиме түшүп элкиндик,
Эгеме ыйлап зарландым» -

(Сагынбай Орозбак уулу, 1978: 19) - деп Жакыптын зар какшап турган психологиялык абалын баласыздык мотиви аркылуу таасын берип жатса, ушул эле эпосто «Каныкейдин Тайторуну чапканы» бөлүмүндө Чыйырдынын жан алы калбай күйүнүп, Каныкейдин чабыштагы жеңишин күтүп турган абалы:

«Ак байбиче Чыйырды,
Кол көтөрүп барбайып,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Алда деп колду көтөрүп,
Жараткан деп жар ыйлап,
Бир кудайга зар ыйлап,
А дүйнө кеткен Манасты
Колдой көр деп дагы ыйлап.
Ажыбай, Бакай эки кан,
Ар иш кылып колдой көр,
Айланайын бир кудай
Балам, Каныкей ишин оңдой көр!
Алманбек, Чубак эгизим,
Жесириме көзүң сал.
Сыргак, Серек теңизим
Бу жеңеңди сүрөп ал!
Алтымыш түрдүү кожосан
Кырк эки кызыр, илиястар,
Ишин кудай оңдочу
Жесиримди колдочу!
Жесир байкуш баламды,
Айланайын бир кудай,
Жан деп кудай жаратсаң
Жер каратып койбочу!
О, Каныкей, кулунум,
Тилегиң кудай берсинчи,
Ушу турган Тайторуң,
Букарга чыгып келсинчи!» -

(Каралаев, 1987: 127) - деп ичтен сызган Чыйырды жаратканга жалбарып турганы чагылдырган. Мындай көрүнүштөр кыргыз элинин бай фольклордук мурастарынан көп кездештирүүгө болот.

Кыргыз элинин көөнөрбөс руханий байлыгынын казынасын ар кандай варианттуулугу, синкреттүүлүгү менен байытып турган чыгармалардын эң маанилүүсү эпостор экендиги баарыбызга маалым. Мына ушул эпостордун ичинен өзгөчө бир белгилери менен айырмаланган кенже эпостор калктын турмушунан, этномаданиятынан, этнопсихологиясынан, тарыхынан кандайдыр бир деңгээлде маалымат берип турары анык.

Кенже эпостордун ичинен көчмөндөрдүн турмушундагы кесиптик, мифтик түшүнүктөрдү, терең психологизмди чагылдырган фольклордук чыгарма бул – «Кожожаш» эпосу. Бул эпосто көркөм психологизм ички монолог жана түш аркылуу апогейине жеткире иштелгендиги даана байкалып турат.

Фольклордук чыгармаларда түш мотиви аркылуу көркөм психологизмди чагылдыруу эң күчтүү ыкмалардын бири болуп эсептелет. Дээрлик элдик оозеки чыгармалардын лейтмотивин түзгөн түш мотиви кенже эпос «Кожожашта» Сур эчкинин психологиялык чыңалуусу алдын ала туюу, аталык мээрим, үй-бүлөлүк камкорчунун милдетин аткарган кол башчынын сезими аркылуу берилген. Эпостогу «Сур эчкинин түшү» эпизодуна көңүл бурсак:

**Сур эчкинин түшү**

Уйкулуу көздө жатканда,
Сур эчки түндө түш көрдү,
Бир ажайып иш көрдү.
Уйкуда жатып көргөн түш,
Менин курдашым теке Алабаш
Убайымдуу көргөн түш,
Алабаш чымындай жанга күч келди,
Тукумум ашып бир жүздөн,
Турган жерим Кара үңкүр,
Кыялымда жок эле,
Кытайда мерген туш келди.
«Кыргызда Кытай уругу
Карыпбайдын уулу деп,
Кайберенге кас кылып,
Каршы кылып тууду» - деп,
Кабарын угуп жүрчү элем,
Көрө элекмин мергенди,
Аны мен көптөн бери билчү элем.
Кезеги жок Кожожаш,
Келбейт ко – деп жүрчү элем,
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Ошол келбеген мерген келиптир.
Кенен жаткан жеримде,
Тетиги, кемерче менен бекинип,
Мына бу, кереге таштан көрүптүр.
Кыйын деп сырттан укчу элем,
Кытайда мерген жалгыз баш,
Уругум таза териптир;
Жазамды колго бериптир.
Жору айланып чогулуп,
Сай-сайдын баары өлүктүр.
Көтөрчү башың Алабаш,
Биз бул жерден кетели,
Башка жерге жетели,
Менин көргөн түшүм анык чын,
Көрүнө көргөн ажалга,

Туруп берип нетели.
Турчу текем кетели,
Кайгысы жок жүрүүгө,
Аламык күңгөй ак тескей,
Аша басып өтөбүз.
Кар жаабай кара чыкчы эле,
Кашкардын тоосу көк тоскок,
Ошо жакка кетебиз.
Каршы келген ажалга,
Карап туруп нетебиз?
Балдардын баарын аттырып,
Кайта балдар туумакка,
Каруубуз да келе албайт,
Картайып калдык экөөбүз.
Издесек жерди табарбыз,
Кашкайган булак муздак суу.
Кайберен жүрчү аска зоо,
Сонун жер таап аларбыз.
Кара үңкүрдөн кетпесек,
Баштыгы текем сен болуп,
Балдарды кырып саларбыз.
Ээрчитүүгө бала жок,
Эскирген кезде каңкайып,
Экөөбүз эле каларбыз -

(Үсөнбаев, 1956: 48) - деген Сур эчкинин ички туюму, уйкуда көргөн түшү жамандыкты алдын ала сезип, кейип турган мезгилин көркөм психологизмдин нагыз өзү десек жаңылбайбыз.

«Түш көрүү – дейт Р. Боснак өзүнүн «В мире сновидений» аттуу эмгегинде - ... өткөн, кеткенди эскерген, эртеңинен чагылдырган мейкиндик адамды өткөнүн эскерүү, кийинкиси тууралуу ойлонууну алдын-ала каңкуулап, кабарлагансыйт жана анын ой-пикиринче түштөгү көрүнүш, окуяларды эстөө, эске тутуу жөндөмдүүлүгүнө да таасирин тийгизет» (Боснак, 1991: 34) деген жүйөөлүү пикирин айткан. Р.Боснактын түш боюнча илимий жоболорун жазуучулар көркөм психологизм жаратууда эң маанилүү ыкмалардын бири катары пайдаланып келишет. Чыгармалардагы түш тууралуу кыскача маалымат берген адабиятчы Д. Асакеева Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына кайрылып мындай деген: «Жазуучунун түштү көркөм чыгармаларында колдонуусунун башкалардан өзгөчөлөнгөн дагы бир айырмачылыгы бар, ал түштүн маанисин чыгарманын идея-концепциясына ылайык ар кандай маанайда чагылдырууга аракеттенет, бирде реалисттик маанайда колдонсо, бирде сатиралык, бирде символикалык маанайда түркүн жагдайда идеясын ачууда, сюжетин чечүүдө жардамдаш компонент катары колдонууга жетишет» (Асакеева, 2008: 146). Демек, психологиялык кырдаалды таамай, жеткиликтүү чагылдыруу, окурманды бушайман кылуудагы ыкмалардын бири фольклордогу түш мотиви, же болбосо профессионал адабияттагы түш символу каармандын образын ачуудагы негизги курал. Түш мотиви дээрлик бардык фольклордук чыгармаларда пайдаланылып, окурманды улам кийинки чыңалган психологизмге жакындаштыруучу элемент десек болот.

Чындыгында, да кыргыз фольклорунда психологиялык мотив, психологиялык анализдин алгачкы көрүнүштөрү болгондугун тануугa болбос.

**Көркөм психологизм маселесинин профессионалдык чыгармаларда чагылдырылышы**

Тамга таанып, колуна калем кармаган алгачкы профессионал кыргыз адабиятынын туңгуч жазуучулары 1920-жылдардан баштап, өз чыгармаларын жаратышса да, аларда көбүнчө турмуш чындыгы басымдуулук кылып, окурманды ойлондурууга эмес, үстүрт, көбүнчө үгүттөө үчүн жазылган чыгармалар болгондугу маалым. Ошондой болсо да, алардын айрымдары профессионалдуулук деңгээлге жакындап, ал турсун каармандардын психологиялык абалын сүрөттөөгө чейин барган. Кыргыз профессионалдык прозасына негиз салуучулар С. Карачев, К. Тыныстанов дагы чыгармаларында көркөм психологизм маселелеси иштелген. Маселен, С. Карачавдин (Карачев, 2015) «Теңдик жолунда» (1928), «Эрксиз күндөрдө» (1928) аттуу аңгемелер жыйнагындагы чыгармалардан дагы психологизм маселесинин бир топ элементтерин учуратсак, К. Тыныстановдун (Карачев, 2015) «Мариям менен көл боюнда» аттуу алгачкы аңгемелеринде дагы бул тема каармандардын образы аркылуу жакшы чагылдырылган.

Көлөмү жана көтөргөн маселеси боюнча алгачкы прозалык жанрлардын ичинен К. Баялинов «Ажар» повестин айтсак болот. «Ажар» повести көркөм-эстетикалык дарамети күчтүү, курч психологиялык абалдарды мыкты чагылдырган көркөм сөз каражаттарына бай чыгарма.

Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести 1928-жылы өзүнчө китеп болуп чыгуу менен, кыргыз повесть жанрынын тушоосун кескен чыгарма болгон. Бул чыгарма ошол доордогу кыргыз элинин оор тагдыры менен бирге башкы каарман Ажардын психологиясын таамай чагылдырган. Ажардын тагдыры ошол учурдагы кыргыз кыздарынын типтүү турмушу, муну сүрөттөө менен аз да болсо автор тарабынан Ажардын психологиялык абалы сүрөттөлөт. Буга повесттен мисал келтирсек: «... Ажар мүрзөнү көргөндө, токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

- Жаным, апа! – деди Ажар.

Үн жок... Жымжырт...

- Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артыңда калган жалгызың келип, жалооруп жаныңда олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанызбаган бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач, койнуңду!..

Сенин өлгөнүңө кайгылуу болуп, кан жутуп, сабыркап, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бул күнгө түшүрүп, бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени

эмне көрбөдүң?» (Баялинов, 1983: 5-6) деген Ажардын муңу, азабы окурманды кайгыга салбай койбойт. Ушул эпизоддо жан титиреткен канчалык күчтүү драматизм жатат. Каармандын бул образында кайгы менен азаптын, жан дүйнөнүн коом менен келише албай турган оор абалы, психологизмдин жогорку чеги берилген. Ошонусу менен Ажар – ошол учурдагы жаралган образдардан бир аз обочолонуп түзүлгөн образ. Адабиятчы Салижан Жигитов 20-30-жылдардын прозасын изилдеп жатып «Ажар» повести боюнчо мындай дейт: «Ырас, азыркы адабий өнүгүштүн бийигинен туруп серп салганда «Ажар» көп жагынан көзгө комсоо эле көрүнөт. Маселен, андан көркөм сүрөттөөнүн динамизм, психологизм, полифонизм, подтекст дегендей «аристократиялык» белгилерин издеп табуу кыйын. Анын татаал мазмундуу сюжети, чебер курулган композициясы, поливарианттуу образдары да жок. Анда коомдук окуялар терең социалдык анализге алынбайт, каармандардын кылык-жоруктарына жана аракеттерине психологиялык мүнөздөмө берилбейт. Жазуучу бар күчүн көбүнчө окуянын сырткы агымын сыпаттап берүүгө жумшап, сюжетке чыйралган драматизм бере турган, каармандардын мүнөзүн ачууга көмөктөшө турган, жалпы чыгарманын мазмунун кызыктуу кыла турган маанилүү моменттерди үч-төрт сүйлөм менен үстүнөн кайпыта баяндап өтүп кетет... Жазуучу сюжет куруу, проблема чечүү жагынан алда канча алдыга жылса да, жалпы таасирдүүлүгү жана эмоциялык өткүрлүгү жагынан «Ажарда» бөтөнчө көзгө көрүнгөн экен» (Жигитов, 1981: 12). Бул пикирди, тескерисинче, С. Жумадылов: «Ажар» повести – кыргыздын профессионалдык жазма адабиятындагы алгачкы прозалык чыгарма. Повестте автор өзүнүн каарманын психологиялык планда сүрөттөөгө аракет кылат. ... каармандын психологиялык дүйнөсүн ачууга окуянын өзү, турмуштук кырдаал түрткү берген» (Жумадылов, 1974: 60) дейт. Демек, «Ажар» повести кыргыз адабиятындагы алгачкы психологиялык элементтери сакталган повесть болуп саналарына шек жок.

Дегинкисинде, 1920-1930-жылдары жарык көргөн кыргыз повесттеринде психологизм маселеси анча колго алынган эмес. Психологизмдин элементтери көрүнгөн чыгармалар гана бирин-экиндеп окурмандардын эсинде калды. Бул мезгилдерде К. Баялинов «Ажар» (1928), С.Карачев «Эрксиз күндөрдө» (1928), К. Жантөшевдин «Эки жаш» (1938), К. Маликовдун «Азаматтар» (1938), А.Токомбаевдин «Днестр терең деңизге куят» (1939) ж.б. повесттери кыргыз адабий казынаны байыткан чыгармалардан болгон. Бирок, жаңыдан гана колуна калем кармап эстетикалык табити төмөн алгачкы жазуучуларыбыздын мындай чыгармаларды жаратышы бизди таарынтпайт. Анткени ал мезгилдеги адабияттын деңгээли ошондой эле.

1940-50-жылдарда жарык көргөн кыргыз повесттери бара-бара көркөм-эстетикалык деңгээли көтөрүлүп, толуп, коомдук мамилелердин, турмуштук чыныгы конфликттердин

айлампасындагы адамдын тагдырын сүрөттөөнүн мүмкүнчүлүктөрүн ачкан. 1940-жылдардын аягында, 1950-жылдардын башында кыргыз совет адабиятынын башкы темасы согуш болуу менен, согуштук окуялардын контекстинде оң каармандын образын ачып берүүгө аракеттенишкен.

50-жылдардын башында кыргыз повесттерин жараткан жазуучулардын калың катмарын А. Токомбаев, С. Сасыкбаев, Н. Байтемиров, Ш. Бейшеналиев, М. Жангазиев, К. Каимов ж.б. түзүшкөн. Аты аталган жазуучулардын чыгармалары дээрлик ийгиликке жетпегендигин, узун өмүрлүү боло албагандыгын адабиятчы, сынчы Михаил Рудов төмөндөгүдөй белгилейт: «Ошол кезде жазылгандардын көпчүлүгү азыр сын көз менен каралууда, адабиятчылар ошол жылдарда жазылган чыгармаларда кездешкен декларативдүүлүктү, схематизмди жана маңызсыз баяндоочулукту далилдеп көрсөтүүдө» (Рудов, 1983: 142). Супсак сюжеттер, тажатма дидактика жана турмуш чындыгын бир жактуу сүрөттөө басымдуу экендиги даана байкалып турат. Күтүлбөгөн окуялар, ар кандай психологиялык чыңалыш, курч конфликт жана терең ой берилбегендиктен, ал чыгармалардын өмүрү кыскалары басымдуулук кылат.

1950-жылдардагы жалпы совет адабиятында советтик идеологияга ылайык чыгармалар көбүрөөк жазылгандыгы белгилүү. Ошол учурда саны боюнча көптөгөн чыгармалар жарык көрүп, тематикалык багыты көп түрдүүлөнүп, бирок сапаты боюнча, авторлордун ой-жүгүртүү деңгээли боюнча али да болсо жаңы көркөм бийиктиктерди жарата албай жаткандыктары байкалат. Ошол учурдун талабына жоопкерчилик милдетин аткарып жатышкан кыргыз совет адабиятынын алгачкы өкүлдөрү өздөрүнүн жаштыгына, тажрыйбасыздыгына карабастан, дал ошол көп тармактуу турмуш чындыгын көрсөтүүгө аракеттенишкен жазуучулар туурасында акын-жазуучу Аалы Токомбаев: «Алардын укканы да, көргөнү да, окуганы да азаттык, теңдик, улуттардын эркиндиги, социализм болду... Ошондуктан, советтик кыргыз адабиятынын салты революция салтынан башталды. Бул салт кыргыз адабиятынын түз саясий багыты болуп башталды жана ошол бойдон бекип алды» (Токомбаев, 1967: 8) деген туура пикирин билдирген.

Демек, 1940-1950-жылдарда жарык көргөн кыргыз повесттеринде мурунку жылдарга салыштырмалуу бир аз да болсо идеялык-көркөмдүк жактан жогорулоо, ойду логикалуу берүү байкалып, тажатма сюжеттер эмес, же «конфликтсиз теориясынын» кучагынан бошонгон сапаты көтөрүлгөн чыгармалар пайда болду.

Ошондой болсо да, айрым бир чыгармаларда оң каармандар идеалдаштырылып, терс каармандар автордун жалаң гана караланган барактарынан орун алып, терс көрүнүштөрдө сүрөттөлгөн. Мындай инерция Октябрь революциясынан баштап, 2000-жылдарга чейин созулуп келгендиги жалпы китепкөйлөргө маалым.

Бирок, биз ушул аралыкта жарык көргөн чыгармалардын баары «бир тараптык» тариздe жазылган деген ойдон алыспыз. Алардын ичинде дүйнөлүк аренадан орун алган улуу шедеврлерибиз да бар. Мисалга алсак, кыргыз элинин улуу ойчулу, даркан жазуучусу Чыңгыз Айтматов 1950-жылдардын экинчи жарымында кыргыз адабиятына жаңы ой, терең турмуштук философия, курч драматизм жана психологизмге чыланган өмүрлүү чыгармаларды тартуулады. Ч. Айтматовдун адабият майданына келиши кызуу сынды, алгалаган адабий бийиктикти жаратты. Жазуучунун ар бир чыгармасы адабиятчы-сынчылардын бүйүрүн кызытып, кайчылаш пикирлерди жаратып, чыныгы адабияттын өнүгүшүндө, адамдагы «адамгерчиликти» таануудагы түбү оюлуп бүтпөгөн терең жана курч психологизмди турмуштагы көрүнүштөрдөн чийкилей алып, өз казанында кайнатып, көркөм чындык менен берди. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу казак элинин жазуучу Абдижамил Нурпеисов: «В литературной жизни каждого народа звездные взлеты обычно связаны с появлением какого-нибудь мощного таланта. Его влияние на развитие литературы своего народа настолько велико, что потом литературная эпоха ассоциируется с его именем.

У нас, у казахов, скажем, это время Ауэзова, у киргизов – время Айтматова. Именно она, эта конкретная личность выводит литературу своего народа на более широкий простор.

Айтматов преобразил художественную мысль своей национальной литературы, подняв ее на самый высокий современный уровень» (Лайлиева, 1983: 83) деп айткан.

1960-1970-жылдардагы кыргыз адабиятынын салмактуу таразасын Ч. Айтматов көтөрүп тургандыгы айдан ачык. Адабий секирик жасаган Ч.Айтматов турмуштун көп кырдуу көрүнүшүн ар кандай ыкта, курч психологиялуу сүрөттөп, каармандардын мүнөзүн ичтен ачып, аңтарып берүүнү биринчи жолу ишке ашырган. Интернационалдык адабият үчүн күрөшүп жаткан жазуучулардын ичинен алгачкы жолу улуттук колоритти жылмалап, синкреттик түрдө таамай чагылдырган жазуучу – Ч. Айтматов нивхилердин баянын жазып жатып да кыргыз элинин улуттук менталитетин, элдик психологияны жалпы адам баласынын көйгөйлүү маселелери катарында даңазалаган. И. С. Кон: «Чтобы понять характер народа, нужна изучать прежде всего его историю, общественный строй и культуру; индивидуально-психологические методы здесь недостаточны» (В.С. Кукушин, Л. Д. Столяренко, 2000: 135) деп белгилейт. Буга сүрөткердин өзүнүн маеги да өбөлгө боло алат: «Мен нивхилерде эч качан болгон эмесмин, алардын каада-салтын, адеби менен тааныштыгым да жок, бирок бул элдин адабияты мага маалым – мен Владимир Сангинин мифтери, санжыралары, жомоктору, повесттери жөнүндө айтып жатам. Баса, Владимир Санги бул окуяны өзү мага айтып берген. Жети жашында чоң кишилерге кошулуп деңизге ууга чыккан экен. Алар коюу туманга кабылып, адашып калыптыр. Эки күн өтүп, аман

калуудан күдөрү үзүлгөндө, учуп бараткан үкүнү көрүп, соңунан түшүптүр. Көп өтпөй жерди көрүшөт. Бул окуяны мен – «Көл бойлоп каңгыган көк дөбөткө» өзөк кылып алгам, бирок калганы таптаза өзгөрүп кеткен» (Айтматов, 1988: 128) дейт. Демек, Ч. Айтматов нивхилердин мифи менен кыргыздын жан дүйнөсүнүн сырын ачкан, элдин бай мурасы менен тааныштырган. Ошентип интернационалдык адабияттан улуттук адабиятка секирик жасаган.

1960-1970-жылдары кыргыз адабиятында улам жаңы адабий ачылыш Айтматовдун ысымына байланышып чыгып турган. Анын ар бир чыгармасы курч драматизмге каныктырылып, терең философияны берип турган. Ошол учурдун адабиятчы-сынчыларынын арасында талаш-тартыш пикирлер жаралган. Кадимки адабий майдан жүргөн, бири туура кабыл алса, бири терс кабыл алып тирешүүлөрдүн натыйжасында Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары оң баага татыган. Бул тууралуу сынчы К. Асаналиев мындай дейт: «Жазуучу (Ч. Айтматов) кыргыз прозасынын жаңы горизонторун ачты. Терең философиялык идея, күчтүү психологизм, кээде трагедиялык доошто түзүлгөн образ, сюжеттик тактык жана сүрөттөөдөгү лаконизм, айтор чоң адабияттын ушул сыяктуу касиеттери Чыңгыз Айтматовдун аңгемелерине жана повесттерине толук мүнөздүү» (Асаналиев, 1977: 25).

Достоевский өзүнүн бир катында: «АДАМ – бул жашыруун сыр. Аны чечмелеп, аңдап-таанууга аракет кылуу керек, бирок сен бул ишке бүт өмүрүңдү арнасаң, бекер убактымы кетирген экемин деп түк айтпа; мен өзүм ушул сырды жандандыруу аракетиндемин, а себеби адам болууну каалайм» (Ибраимов, 1979) деп жазат.

Мындай «жашыруун сыр» болгон адамды ачуу, болгондо да терең философия, акылмандык ой, оптимисттик маанай, курч драматизм менен ачууну Ч. Айтматов чыгармачылыгынын алгачкы учурунан бүгүнкү күнгө чейин көздөп келет.

Айтматов көркөм образды түзүп жатканда баланын болсун, аялдын болсун, чалдын болсун, ал гана эмес жаныбардын образын жаратып жатканда да карапайым адамдын акылына эч бир келбеген курч драмалык кырдаалдарды таба билип, аны терең философиялуу сүрөттөй алат. Жазуучунунун мындай талантына адабиятчы А. Садыков: «Ар бир жаңы чыгармада жаңыча ой айтып, оригиналдуу образ түзүү Чынгыз Айтматовдо өзгөргүс адатка айланган сыяктуу» (Садыков, 1966: 71) деп белгилейт. Ал эми жаңыча ой айтуу тынбаган чыгармачылык изденүүдөн улам гана жаралары белгилүү. Бул тууурасында жазуучу өзү да «жазуучу ар бир бүткөн чыгармасы менен өлүп, жаңы чыгармасы менен кайрадан төрөлөт» деген пикирде.

Ч. Айтматов эмне жөнүндө жазбасын окурмандын көңүлүн өзүнө буруп, көркөм ачылыш жасай алат. Мисалы, адабияттагы «Айтматовдун балдарын» (К. Асаналиевдин

термини – Н.С.) эле алалы. Балалык баёо сезим, балалык сүйүү, балалык жек көрүү, балалык дүйнө тааным, балалык адам таануу, балдар психологиясы, балдардын жашоодогу күрөшү жазуучунун чыгармачылыгында ар башка ыкта, ар башка идеялык-көркөмдүктө чагылдырылган.

«Ак кемедеги» Бала, «Эрте келген турналардагы» Султанмурат, «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттөгү» Кириск Айтматовдун, кадыресе, эле кезектеги көркөм каармандары гана эмес, бул «балдар» баарынан мурда турмуштун не бир терең сырларын көркөм таанып-билүүдөгү жазуучунун философиялык, адеп-ахлактык, гуманисттик концепциясы деп түшүнсөк болот. Балдардын баёо сезимин, жан дүйнөсүн, ыйман-адебин үч башка турмуштук ситуацияда сүрөттөгөн бул чыгармаларды тутумдаштырып, бириктирип турган өзөк – концепция дал ушул чыгармада айтылган бардык нерсе. Балдардын образына, алардын жан дүйнөсүнүн түйшөлүүсүнө, балалык максат-тилектерине, ой-жүгүртүүлөрүнө негизделген.

«Ак кемедеги» Баланын образы менен «Эрте келген турналардагы» Султанмураттын же «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттөгү» Кирисктин образы бири-бирине такыр коошпогон балалык дүйнө таанымдар, балдар психологиясы. Бала ар дайым ата-энелик мээримди бир гана Момундан көрүп, Момундун тарбиясы, анын уламыш-жомогу менен дүйнөнү таанып, жомоктор дүйнөсү менен реалдуу дүйнөнүн чегин али бөлө албаган бала турмушту, чындыкты өзүнчө кабылдайт. Өзүн курчап турган жаратылыш менен (чөп, суу, таштар), өзү колдонгон буюмдар менен (китеп кап, дүрбү) ал адамдар менен сүйлөшкөнсүп сүйлөшөт. Анын жакын достору да, сырдашаар кишиси да, анын таштары, суусу, чөбү, китеп кабы жана дүрбүсү эле. Баланын болгон дүйнөсү, кубанычы ушулар. Ал эми Султанмурат – аталык да энелик да мээримге ээ болгон өспүрүм. Бирок кесепет согуштун айынан жаштайынан турмуш тузагына түшүп, элдин оор жүгүн көтөрүүгө аргасыз болот. Султанмураттагы дагы бир жүрөк өйүгөн түйшөлүү турмушту таануу менен бирге биринчи тун сүйүүсүнө кездешет. Эң сонун кыялдардын, ойлордун ойгонуу мезгили башталат. Кириск болсо, ууга чыкканга чейин жашоонун оош-кыйышынан капары жок жашабады беле. Ал жөн гана атасына окшошкусу келчү. Кирисктеги максат ошол эле болчу. Кайсы бир убакта, турмуштун оор сыноосунан өтүп, чыныгы жашоо менен бет маңдай келем деп ойлогон эмес, антип ойлоого балалык аң-сезим жетиле элек болчу. Ал өзүнүн туяк, мурас экенин ата-баланын акыркы жолу бул дүйнөдө бирге болгон убактысында түшүндү.

Чыгармада: «Атасынын бооруна бекем жабышып, ачуу жашын ичине соруп улутунуп жатып, бала ошол түнү башта сезбеген баланын атага байланган жан биримдигин билди. Башта ал атасына окшош экенине сыймыктанып, атасынын жүргөн-

турганын туурачу, атасындай болгусу келчү, эми болсо ата деген эмне экенин түшүнүп жатты, атасы – ал өзү экенин, өзү – атасынын уландысы экенин түшүнүп жатты. Ошондон улам атасын өзүндөй аяды, өзүнөн бетер аяды. Эми Кириск чычканга чындап жалынды, атасы экөөнө тең суу апкелип беришин суранды…» (Айтматов, 1982: 297) деп Кирисктин жашоо менен болгон күрөшүн, айласы түгөнүп, жан дүйнөсү жанчылып турганын сүрөттөйт. Кириск өзүнүн Эмрайиндин уландысы, негизи эле нивхилердин тукум-улоочусу экенин түшүндү, тактап айтканда, турмуш түшүндүрүп койду. Күтүлбөгөн туман, чыгармадагы экстремалдык кырдаал анын балалык ой-жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын эрте ойготту. Адамдар ар дайым өлүм менен өмүрдүн ортосунда экенин, ал эми кайык бүтүн дүйнө экенин аңдады Кириск. Кириск дагы атасы өлгөндөн кийин өлгүсү келди, бирок нивхилердин, Эмрайиндин тукуму эмне болот… Кирисктин балалык психологиясы ушунун баарын түшүнгөнгө, көтөрүүгө, өлүм менен бетме-бет кармашууга аргасыз болуп турду. Автор каарманга үстүртөн гана мамиле жасап, анын психологиялык абалын сүрөттөп койбостон, психологиялык процессти башынан өткөрдү. Ошону менен бирге каарман улуу муундардын иш-аракетинен нравалык баа жеткис сабак алды. Адам кандай гана кыйын абал болгон учурда да аларды жеңе билерин түшүндү.

«Ак кемедеги» Бала үчүн Мүйүздүү Бугу-Эне ыйык. Автор Баланын образын ушул Бугу-Эне аркылуу, Бугу-Эне тууралуу легенда менен ачкан. Философия илиминде «болмуш ыкма» деген термин бар. Бул термин психология менен тыгыз байланышкан. Эгер адамдын болумуш ыкма жок болуп кетсе, анда ага кийинки жашоонун жок экендиги менен түшүндүрүлөт. Повестте Баланын болумуш ыкмасы Мүйүздүү Бугу-Эне. Баланын жашоодогу эң күчтүү стимулдарынын бири. Ансыз Балада өнүгүү да, өсүү да болбойт. Бала деградация болгон жок. Баланын максаты күндөн-күнгө алдыга умтулуу, кыялындагы ак кемесине баруу, Мүйүздүү Бугу-Эне ж.б. Бул нерселер башкы каарманга психологиялык жактан өнүгүүнү алып келди. Ал балалык психология менен жашап, Орозкулдун мурда - кийин болгон жаман жоруктарын, мыкаачылык жүзүн көрүп эле жүргөн. Бирок Балага ыйык деп эсептелген, Балага психологиялык, моралдык жактан стимул берген Бугунун талкаланышы Балага Орозкулдун турмуштагы терс каарман экенин, Бала эми мындай «фашисттер» менен бирге жашай албасын ой-кыялында билдирди. Эмне үчүн ой-кыялында деген суроо туулат? Анткени автор Баланын образын физикалык жактан алсыз кылып түзгөн. Мунун бирден-бир себеби, адамдар ички космосубуз менен эч убакта багынбайбыз. Бала ак өлүмгө барды. Чыгарманын аягы трагедия менен аяктаса да, Бала өзүнүн улуулугун, гумандуулугун, аруулугун жоготкон жок. Атактуу жазуучу Ренан айткандай: «Бул турмушта туура жолдо жашап өтүү үчүн дайыма өзүңдү курмандыкка чалууга даяр туруң керек. Ошондуктан биздин адамдык

милдетибиз жалгыз эле бактылуу болууда эмес. Адамдын милдети адамзат үчүн кандайдыр бир нерсени ачуу».Бала менен Кирисктин трагедиясы таптакыр бири-бирине окшошпогон тагдырлар. Ал эми Султанмураттын тагдырычы? Анын максат-тилегинин баары талкаланды. Жаш чырпыктын шагы сынды. Султанмураттагы кыялдар эми эмне болот, атасын кантип тосуп барат, Ак-Сайга себебиз деген эгинчи, Мырзагүлдүн кубанычын, сүйүүсүн актай албай калбадыбы? Мына ушул турмуштун көйгөйлүү маселелери аркылуу Султанмураттын жан дүйнөсү аруу сезими ачылат.

Бул повесттердин ичинен «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттө» автор Кирискке жашоодогу үмүттүн шооласын берип, дагы да жашоо уланат, түбөлүктүүлүк жашайт, бирок ал түбөлүктүүлүк адамдардын ак ниеттүүлүгү менен гана өмүрлүү болорун Орган, Мылгун жана Эмрайиндин образы аркылуу даңазалады. «Ак кемеде» Баланын аруу сезими, дүйнөнү кабыл алуу туюму, ак менен каранын ортосундагы күрөштүн жыйынтыгы оң болорун, тактап айтканда, ак ийилип бирок сынбасын билдирди. Ал эми Султанмураттын образы жөнүндө А.Акматалиев: «… жазуучу жаш өспүрүмдөр менен символикалык мааниге ээ эрте келген турналарды параллель коюп сүрөттөө менен ага белгилүү идеялык милдет жүктөгөн» (Акматалиев, 2002: 21) дейт. Чындыгында да, ошондой. Султанмурат турмуштун оор запкысынын даамын эрте тартты. Ал Ажымураттын, Мырзагүлдүн, элдин ишенимин актай турган маалда уруулар аттарды уурдап кетип Султанмураттын каңырыгын түтөттү. Ушул күнгө чейинки турмуштун сыноолору бир, бүгүнкүсү бир болуп кетти. Ушинтип жашоо менен болгон күрөштө анын чыныгы образы ачылды.

«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттө» Киристи жашоону улантуучу символ катары алса, «Эрте келген турналардагы» Султанмурат чыныгы оор турмушка эрте келген символ. «Ак кемедеги» Бала болсо, жашоодогу оош-кыйыштардын оптимисттик маанайы эле.

Бул үч повестте тең балдардын атага болгон эңсөөсү, сагынычы, кусасы жана аталык мээримди күтүүсү жатат. Султанмурат согушка кеткен атасын күтөт, сагынат. Бала болсо Ак кемедеги атасына кыялында канча ирет жолугат. Ага мен «Ак кеме» Мен сенин балаңмын деп айткысы келет, сагынат, аны менен кошо кеткиси келет, бирок Момунду ойлойт. Ал эми Кириск атасын жоготкон күнү өзүн күнөөлөп, артынан өлгүсү келет. Бирок өзү Эмрайиндин улантуучусу экенин эстеп, ал ишке бара албайт, кусасы өз ичинде кайнайт.

Айтматовду жазуучу-психолог экенин дагы бир жолу анын өнөрканасындагы «Айтматовдун балдарынын» образынан билип жатабыз. Л.Үкүбаева: «Психолог Айтматовдун чеберчилиги «Ак кемедеги» эң кичинекей, ошол эле учурда повесттин эң башкы каарманы болгон баланын образын түзүүсүнөн, анын эң бир таң каларлыктай таза жана өзүнчөлүктүү

татаал дүйнөсүнө сүңгүп кирүүсүнөн, анын өзүнүн менчик лексикасын ачып берүүсүнөн айрыкча көрүнөт десек жаңылышпайбыз» (Үкүбаева, 1984: 135) деп белгилейт.

**Корутунду**

Кыргыз адабиятындагы көркөм психологизм маселелерине байланыштуу маселелер (адабиятчы И. Лайлиеванын эмгегин башка) тереңден изилденген эмес. Айрым адабиятчылар (С.Жигитов, К.Артыкбаев, А.Садыков, Л.Үкүбаева, А.Акматалиев ж.б.) тарабынан үстүртөн каралган бул маселе дыкаттык изилдөөнү талап кылат.

Бул макалада негизги каралган маселелер төмөнкүлөр: 1. Кыргыз фольклорундагы, анын ичинде эпостордо чагылдырылган көркөм психологизм маселеси азыноолак болсо да колго алынды. Фольклордук чыгармаларда берилген көркөм психологизм маселелери аркылуу кыргыз элинин социалдык, психологиялык абалын, каада-салт, үрп-адаттардагы социалдык жана маданий өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүгө мүмкүн экендиги билинди.

2. Кыргыз адабиятында кыргыз элинин социалдык-психологиялык абалдары гана берилбестен, интернационалисттик психологиянын айрым элементтерин көрүүгө болот. Кыргыз коомундагы этап-этаптык өнүгүүнү ошол мезгилдерди чагылдырган чыгармалар аркылуу маалымат алууга болот.

3. Кыргыз адабиятында жаңы нук, жаңы көз караш менен жаралган Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы психологизмге тиешелүү изилдөөлөр али дың бойдон жатат. Макалада айтматовдук көркөм психологизмдин кичинекей бир учу гана талдоого алынды. Көбүнчө балдар психологиясы, балдардын жан дүйнөсү жана баланы курчап турган коомдун балага карата мамилеси анализденди. Бул жерде белгилей кетчү жагдай, Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасы өз-өзүнчө көркөм психологиялык жактан изилденүүгө тийиш, ошол эле учурда аялдык көркөм психология, энелик көркөм психология, аталык көркөм психология ж.б. темалар колго алынса, анализденилсе, кыргыз адабиятынын илим изилдөө объектист мындан дагы кеңеймек.

Демек, мунун баары мезгил талабына ылайык изилденет деген ишеничтебиз. Убакыт өткөн сайын өз сынын алып, айтматовдук өнөркана улам жаңы сын-пикирлерге ээ болууга тийиш. Ушул күнгө чейин жазылган миңдеген эмгектер, адабияттын тарыхы болуп, кийинки жаңы жазылган эмгектер изилдениш деңгээлине жараша, көтөргөн маселесине карата актуалдуу проблемага айланат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин руханий булагы катары фольклордук чыгармаларды эч ким тана албас. Оозеки сакталып келген чыгармалардын руханий күчү, кудурети канчалык терең болсо, кыргыз элинин маданий системасынын түзүлүшү дагы ошончолук бекем десек болот. Себеби, фольклордук чыгармалардын кыргыз улуттук

жүзүн, архетиптик образын үйрөнсөк, адабий чыгармалардан кыргыздардын коомдук түзүлүшүндөгү тарыхый окуяларын, кыргыздык аң-сезимдин кыйроо жана өнүгүү стадияларын биле алабыз.

## Адабияттар

Айтматов, Ч. (1982). *Үч томдон турган чыгармалар.* Фрунзе.
Айтматов, Ч. (1988). *Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.* Фрунзе.
Акматалиев, А. (2002). *Кыргыз адабиятынын тарыхы* (Т. 7). Бишкек.
Артыкбаев, К. (2004). *XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.* Бишкек.
Асакеева, Д. (2008). *Ч. Айтматовдун чыгармаларында сюжет куруу проблемасы.* Бишкек.
Асаналиев, К. (1977). *Өрдөн өргө*. Фрунзе.
Баялинов, К. (1983). *Курман жылга.* Фрунзе.
Боснак, Р. (1991). *В мире сновидений.* Москва.
Брудный, Д. (1995). Психология. Китепте: *Манас энциклопедиясы.* (Т. 2). Бишкек.
Жигитов, С. (1981). В *Алгачкы кадамдар: Кыргыз жазуучуларынын 20-30-жылдардагы прозасы* (стр. 12). Фрунзе: Кыргызстан.
Жумадылов, С. (1974). *Кыргыз прозасындагы мүнөз проблемасы.* Фрунзе.
Ибраимов, О. (20 декабрь 1979 г.). Айтматовдун чыгармачылыгындагы адам концепциясы. *Кыргызстан маданияты*.
Каралаев, С. (1987). *Семетей.* Фрунзе: Кыргызстан.
Карачев С. Тыныстанов К. Көкөнов Ш. Кененсариев Б. Калпаков Б. 1 том. (2015) Түзгөн: А. Кадырмамбетова. – Б.: Имак Офсет.
Кукушин, В.С., Столяренко, Л.Д. (2000). *Этнопедагогика и этнопсихология.* Ростов-на-Дону: Феник.
Лайлиева, И. (1983). *Интернациональный фактор и психологизм современной киргизский прозы.* Фрунзе.
Рудов, М. (Январь 1983 г.). Кыргыз повестинин калыптанышы. *Ала-Тоо*, стр. 142.
Сагынбай Орозбак уулу, (1978). *Манас* (Т. 1). Фрунзе.
Садыков, А. (1966). *Адабият теориясынын проблемалары.* Фрунзе.
Токомбаев, А. (Ноябрь 1967 г.) Революциядан төрөлгөн адабият. *Ала-Тоо*, стр. 8.
Үкүбаева, Л. (1984). *Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү*. Фрунзе.
Үсөнбаев, А. (1956). *Кожожаш.* Фрунзе: Кыргызстан.

## Kaynakça

Aytmatov, Ç. (1982). *Üç Tomdon Turgan Çıgarmalar.* Frunze.
Aytmatov, Ç. (1988). *Biz Düynönü Canırtabız, Düynö Bizdi Canırtat*. Frunze.
Akmataliev, A. (2002). *Kırgız Edebiyatının Tarıhı* (C. 7). Bişkek.
Artıkbaev, K. (2004). *XX Kılımdagı Kırgız Adabiyatının Tarıhı.* Bişkek.
Asakeeva, D. (2008). *Ç. Aytmatovdun Çıgarmalarında Syujet Kuruu Probleması.* Bişkek.
Asanaliev, K. (1977). *Ördön Örgö.* Frunze.
Bayalinov, K. (1983). *Kurman Jılga.* Frunze.
Bosnak, R. (1991). *V Mire Snovideniy.* Moskva.
Brudnıy, D. (1995). Psikologiya. Kitepte: *Manas Ensiklopediyası.* (C. 2). Bişkek.
Cigitov, S. (1981). Kitepte: *Algaçkı Kadamdar: Kırgız Cazuuçularının 20-30-Cıldardagı Prozası.* Str. 12. Frunze. Kırgızstan.
Cumadılov, S. (1974). *Kırgız Prozasındagı Münöz Probleması.* Frunze.
İbraimov, O. (20 Dekabr 1979). Aytmatovdun Çıgarmaçılıgındagı Adam Kontseptsyiası. *Kırgızstan Madaniyatı.*
Karalaev, S. (1987). *Semetey.* Frunze. Kırgızstan.
Karaçev S. Tınıstanov K. Kökönov Ş, Kenensariyev B. Kalpakov B. 1 Cilt. (2015). Bişkek. İmak Ofset.
Kukuşin, V.S., Stolyarenko, L. D. (2000). *Etnopedagogika I Etnopsihologiya.* Rostov-na-Donu. Fenik.
Laylieva, İ. (1983). *İnternatsiyonalnıy Faktor i Psihologizm Sovremennoy Kirgizskoy Prozı.* Frunze.
Rudov, M. (Yanvar 1983). Kırgız Povestinin Kalıptanışı. *Ala-Too.* s. 142.
Sagınbay Orozbak Uulu, (1978). *Manas* (C. 1). Frunze.
Sadıkov, A. (1966). *Adabiyat Teoriyasının Problemaları.* Frunze.
Tokombaev, A. (Noyabr 1967) Revolyutsyadan Törölgön Adabiyat. *Ala-Too.* s. 8.
Ükübaeva, L. (1984). *Çıngız Aytmatovdun Kaarmandarının Körköm Düynösü.* Frunze.
Üsönbaev, A. (1956). *Kococaş.* Frunze. Kırgızstan.